## *Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы*

Педагогикалык институт болуп 1952-жылы түзүлгөн, Жогорку окуу жайындагы табият таануу факультетинин курамына кирип, физика кафедрасы уюшулган.

Кафедраны 1952-2009-жылдардын ичинде Половиков Н.Ф., Пичугин В.А., Турусбеков М.Т., Яр-Мухамедов Ш.Х., Кадыров С.К., Токтогулов М.Т., Айтматова Р.Т., Артыкова С.И., Чормонов М.Б., Ибрагимов З.И., Тойчиев Н., Акбеков Т.М. жетектеген. Ал эми 2009 -жылдан баштап, физика жана аны окутуунун технологиясы деп аталган физика кафедрасын Токонбекова К.Ч. жетектеп келе жатат.

Кафедранын жааматы Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларында физиканы окутуунун формаларын жакшыртуу жана кесиптик ишмердүүлүккө даярдоонун үстүндө иштешет.

Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтту бүтүрүп, кандидаттык диссертацияларын коргогондон кийин кайрадан учкан уясына келип иштегендер Айтматова Р.Т., Артыкова С.И. Аталган институттун бүтүрүүчүлөрү Ракымбаева С., Кудаярова Б., Калиева А. пенсияга чыкканга чейин эмгектенишкен. Дагы бир бүтүрүүчү З. Шамырканова 2013-2014-окуу жылына чейин кафедрада үзүрлүү эмгектенди.

Кафедранын окутуучулары «Катуу телолор физикасы» жана «Кристаллдарды өстүрүү» багыты боюнча хлордуу рутийдин кристаллынын ион хроматика кошулмасынын термелүү жана электрондук спектрлерин изилдешкен. Кафедранын доценти М.Токтогулов метеорлорду фотографиялык байкоо аттуу каталогун түзгөн. 2009-2011 жылдары кафедранын профессору К.А. Калдыбаев илимий ишин жүргүзгөн ошондой эле профессордун милдетин аткаруучу Ногаев М.А. эмгектенет.




2005-2007 окуу жылдары Билим берүү министрлиги тарабынан эки баскычтуу бакалавр жана магистратура окуу системасын киргизгенден бери, физика профили: бакалавр күндүзгү 4 жыл, сырттан окутуу аралыктан окутууну колдонуу менен 5 жыл; магистратура профили күндүзгү 2 жыл, сырттан 2,5 жыл багытында билим берүүдө.

2017-2018-окуу жылынан баштап физика профили боюнча орус тилдүү группалар ачылып, орус тилдүү мектептерде физикадан сабак бере турган мугалимдерди даярдоо менен билим берилүүдө.

Азыркы учурда кафедрада т.и.к., профессор М.Ю.Абдылдаев, п.и.к.,профессор Э.Мамбетакунов, б.и.к., пофессор Т.Б. Атанаев, ф.м.и.к., проф.м.а. М.А.Ногаев, ф-м.и.к.,проф. м.а. Т.М. Акбеков, ф-м.и.к., доцент С.И. Артыкова, т.и.к., доцент К.Ч.Токонбекова, доценттин милдетин аткаруучулар М.А. Анарбекова, ага окутуучулар Х.А. Шаршенова, Н.А. Карасартова, Ж.К.Мокешов, Н.Т. Мукамбетова окутуучу Э.А. Тердикбаев, Ж.М. Мырзабекова В.В. Лактионов жана кафедранын ага лаборанты Г.У.Сагынбекова эмгектенишет. Айкалыштыруу менен иштеген окутуучулар ф-м.и.к., доцент У.К. Мамытбеков, доц.м.а. Т.М. Асаналиева, п.и.к., доц.м.а. Д.Д. Асанбекова, ф-м.и.к, доц.м.а. К.А. Ласанху жана ага окутуучу Т.С. Алымбаева



Кафедра мүчөлөрү төмөндөгүдөй илимий- изилдөө иштерин жүргүзүп жатышат:

- т.и.к., доцент К.Ч. Токонбекова «Физика мугалимдерин даярдоодогу көп жактуу билим берүү системасы».
- ага окутуучу М.Анарбекова «Болочок физик, математик мугалимдерге социалдык компотенттүүлүктү калыптандыруунун теориялык методикалык негиздери».
- ага окутуучу Н.А. Карасартова «Инновационные методы преподавание физики в высшей школе».

***Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын лабораториялык иштери жөнүндө маалымат.***

Кафедрада лабораториялык иштерди жүргүзүү жана демонстрацияны көрсөтүү үчүн төмөндөгүдөй кабинеттер, бөлүмдөргө тиешелүү лабораториялык иштер боюнча кыргыз, орус тилдеринде методикалык колдонмолор бар:

1. Механика жана молекулалык физика бөлүмү боюнча физика профили үчүн лабораториялык иштер менен жабдылган. Лабораториялык иштер 215 кабинетте жүргүзүлөт.
2. Электричество жана магнетизм, оптика, физикалык электроника бөлүмдөрү да лабораториялык иштер менен жабдылган. Лабораториялык иштер 218 – кабинетте жүргүзүлөт.
3. Элементардык физика жана демонстрациялык эксперимент бөлүмдөрү да лабораториялык иштер менен жабдылып, 217 – кабинетте жүргүзүлөт.

Бул лабораториялык кабинетке математика, информатика, химия, биология, география, адистиктеринин жана колледждин, лицейдин студенттерине багытталган лабораториялык иштер бар. Бул адистиктерге механика, малекулярдык физика, электричество жана магнетизм, оптика бөлүмдөрүнүн эң негизгилерин камтып, иштетилет.

4. Физика адистиктери үчүн электрорадиотехника сабагы боюнча лабораториялык иштер 322- кабинетте жүргүзүлөт.




Лабораториялык иштер жөнүндө сөз болгондо приборлордун иштөө мөөнөт убактысы өтүп, көпчүлүгү жараксыз болуп, жаңысын алуу кымбат баада болгондуктан кафедранын профессордук-окутуучулары, лаборатория башчылары бардыгы бирдикте компьютердик технологиянын жардамы аркылуу анимациялык жана виртуалдык-лабораториялык иштерди түзүү менен жүргүзүлүүдө. Биринчилерден болуп кафедранын профессору К.А. Калдыбаев механика бөлүмү боюнча анимациялык жол менен лабораториялык иш түзө баштаган.

## *Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын мүчөлөрү*



**Токонбекова Күлзат Чоюнбековна – т.и.к., доцент.**

Токонбекова Күлзат Чоюнбековна 1992 – жылы Ж.Баласагын атындагы КУУнин физика факультетин аяктаган. Адистиги физик. 1997-жылдан бери И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинде иштейт. Кандидаттык диссертациясын 1999-жылы жактаган. 2005-жылы доценттик наам ыйгарылган. 41ден ашык илимий эмгектердин автору. Педагогикалык стажы 30 жыл. Алардын ичинен 1 илимий –

монографияга көмөкчү автор. 10 методикалык окуу китеби жарыкка чыкты. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин», И.Арабаев атындагы КМУнин эмгек сиңирген ишмери төш белгиси менен сыйланган.

**Абдылдаев Мукаш- д.т.н., профессор**



Абдылдаев Мукаш 1948-1952 жылдары Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетинин физика-математика факультетин аяктаган.1952-жылдан баштап эмгек жолун орто мектепте мугалим болуу менен баштаган. 1967-жылы Москва шаарында кандидаттык диссертациясын, 1994-жылы докторлук диссертациясын жактанган.2016-жылдын сентябрынан баштап И.Арабаев атындагы КМУда профессор болуп эмгектенип келе жатат**.**



**Мамбетакунов Эсенбек – д.п.н., профессор.**

Мамбетакунов Эсенбек Кыргыз мамлекеттик университетиндеги физика- математика факультетинин физика бөлүмүнө кирип, аны 1965-жылы физик, физика мугалими адистигин алуу менен бүтүргөн. Эмгек жолун 1965-жылы Ат-Башы айылындагы №2-Ленин атындагы окуу орус тилинде жүргүзүлгөн орто мектепте физика мугалими болуу менен баштаган. 1982-жылы 2-февралда СССР дин 50 жылдыгы атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз мамлекеттик университетинин жалпы физика жана физиканы окутуу методикасы кафедрасына ага окутуучу болуп которулган. 1985-жылы 25-сентябрда СССРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы доценттик наам ыйгарган. Э.Мамбетакуновго педагогика илимдеринин доктору деген окумуштуулук даражаны 13.00.01-жалпы педагогика адистиги боюнча ыйгарган. Ал эми 1994-жылдын 9-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы физиканы окутуу методикасы кафедрасы боюнча профессор наамын берген.

И.Арабаев атындагы КМУда Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында 2019-жылдан баштап айкалыштыруу шартында эмгектенип келе жатат.

**Артыкова Светлана Иманалиевна – ф-м.и.к, доцент.**



Артыкова Светлана Иманалиевна 1962-жылы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика жана өндүрүштүн негиздери адистигин аяктаган.

1978-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин, аталыштары мезгилдин талабына жараша түрдүү аталып келе жаткан, азыркы И.Арабаев атындагы КМУнун физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Кандидаттык диссертациясын 1977-жылы жактаган. 1986-жылы доцентик наам ыйгарылган. 113 дөн ашык илимий эмгектердин автору. Алардын ичинен 1 илимий – монографияга автор. 12 методикалык колдонмо, 3 китеп, 2 методикалык көрсөтмө жарыкка чыккан. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин» төш белгиси менен сыйланган. И.Арабаев атындагы КМУнун эмгек сиңирген ишмери.



**Атанаев Токтосун Бегалиевич – б.и.к., профессор.**

Атанаев Токтосун Бегалиевич 1980 – жылы «СССРдин 50 жылдыгы» атындагы КМУнун физика факультетин аяктаган. Адистиги физик. 2015-жылдан бери И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинде иштейт. Кандидаттык диссертациясын 1990-жылы жактаган. 2014-жылы профессордук наам ыйгарылган. 100дөн ашык илимий эмгектердин автору. Алардын ичинен 3 илимий – монографияга автор. 15 методикалык окуу китеби жарыкка чыкты. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин» төш белгиси менен сыйланган.



**Ногаев Мелис Абдраимович – ф.м.и.к., доцент**

Ногаев Мелис Абдраимович 1967 – жылы КМУнун Физика факультетин бүткөн. Эмгек жолун 1966-1970-ж.ж. аспирант болуп Москва шаарында баштаган. 2006-жылы И.Арабаев атындагы КМУ нун Инновациялык билим берүү борборунун директору. 2022-жылдын сентябрынан тартып Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын

доценти болуп эмгектенип келе жатат. РАЕ РФ нын Илим жана билим берүүнүн эмгек синирген кызматкери. «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин» төш белгиси менен сыйланган



**Акбеков Темирбек Мамбеткадырович – ф.м.и.к., доцент**


Акбеков Темирбек Мамбеткадырович 1975-1980 жылдар аралыгында СССР дин 50-жылдыгы атындагы КМУ 1987-1990ж.ж. Санкт-Петербург университети, аспирантура бөлүмүн окуган. 1992-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон.1996-2003ж.ж. “Дастан” технологиялык университетин деканы. 2003-2009ж.ж. И. Арабаев атындагы КМУнун Физика жана анын окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы

2010-2022ж.ж. И.Арабаев атындагы КМУ да физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын доцентти болуп эмгектенип келе жатат. 100дөн ашык илимий эмгектердин автору. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин» төш белгиси жана И.Арабаев атындагы КМУнин “Ардак грамотасы” менен сыйланган.

**Мамытбеков Уланбек Кыдырович – ф.м.и.к. доцент**



К.Тыныстанов атындагы ЫМУ нун 2000-жылы бүткөн.
Эмгек жолун К.Тыныстанов атындагы ЫМУ да лаборант болуп баштаган. 2012-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы колледжде директордун орун басары болуп эмгектенген. 2022-жылдын сентябрынан тартып И.Арабаев атындагы КМУ нун Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында айкалыштыруу шартында доцент болуп эмгектенип келе жатат.



**Асаналиева Тынчыгүл Мукашевна – ф.м.и.к. доценттин м.а.**

Асаналиева Тынчыгүл Мукашевна 1992-1997ж.ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнин физика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1997-жылы лаборант болуп баштаган. 2020-жылы кандидаттык диссертациясын

жактаган. 2020-жылдын сентябрынан тартып И.Арабаев атындагы КМУ нун Физика жана анын окутуунун технологиясы кафедрасында эмгектенип келе жатат.



**Асанбекова Дамира Дайырбековна – п.и.к. доценттин м.а.**

Асанбекова Дамира Дайырбековна 1995-1997 ж.ж. И.Арабаев атындагы КМПУ физика-математикалык лицейин бүткөн.1997- 2001 ж.ж. Ж.Баласагын атындагы КУУ нин физика жана электроника факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун Ж.Баласагын атындагы КУУда баштаган. 2021-жылдан тартып И.Арабаев атындагы КМУ нун Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында доценттин м.а. болуп эмгектенип келе жатат.

**Шаршенова Хамида Алымкуловна – ага окутуучу**



Шаршенова Хамида Алымкуловна 1993-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун физика жана математика факультетинин математика жана физика мугалими адистигин аяктаган.

1993-жылдан баштап, бүгүнкү күнгө чейин үзгүлтүксүз үзүрлүү эмгектенип келе жатат. 2020-жылдан Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын орун басары болуп эмгектенүүдө. Педагогикалык стажы 29 жыл. 14 дөн ашык илимий эмгектердин автору. Алардын ичинен 9 методикалык колдонмосу жарыкка чыкты. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличниги» төш белгиси жана Жогорку Кенештин «Ыраазычылык каты» менен сыйланган**.**



**Анарбекова Мариябүбү – ага окутуучу**

Анарбекова Мариябүбү 1982-жылы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика жана математика факультетинин физика жана математика мугалими адистигин аяктаган.

1982-жылдан баштап, бүгүнкү күнгө чейин аталыштары мезгилдин талабына жараша түрдүү аталып келе жаткан бир эле жогорку окуу жайында үзгүлтүксүз үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Педагогикалык стажы 34 жыл. 14 дөн ашык илимий эмгектердин автору. Алардын ичинен 9 методикалык колдонмо, 1 методикалык колдонмо Билим берүү министрлигинин грифи менен чыккан. Билим берүү Министрлигинин «Ардак грамотасы», Бишкек шаарынын мэриясынын, профсоюз уюмунун «Ардак грамотасы», «Профсоюз уюмунун отличниги» төш белгиси, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн отличнигинин» төш белгиси менен сыйланган



**Мокешов Жолдошбек Калмурзаевич – ага окутуучу**

Мокешов Жолдошбек Калмурзаевич 2000-жылы И.Арабаев КМТУну физика жана астрономия кошумча информатика адистигин аяктаган.2000-жылдан бери аталган университетте эмгектенип келе жатат. 2014-жылдан бери Маалыматтык технологиялар жана компьютерлерди техникалык тейлөө бөлүмүнүн башчысы. Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында айкалыштыруу шартында ага окутуучу болуп эмгектенип келе жатат.

**Карасартова Назгүл Абдрасуловна – ага окутуучу.**

Карасартова Назгүл Абдрасуловна 1998 – жылы Ж. Баласагын атындагы КУУнун физика жана электроника факультетин аяктаган. Адистиги физика мугалими. 2007–жылы КМУнун магистратура бөлүмүн ийгиликтүү аяктаган. 2002-жылдан бери И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинде иштейт. Билим берүү министрлигинин ардак грамотасы менен сыйланган.





**Мукамбетова Нурия Төлөмүшовна – ага окутуучу**

Мукамбетова Нурия Төлөмүшовна 2003-2008 ж.ж. И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы Информациялык Технологиялар Институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 2008-жылы Күндүзгү окуу бөлүмүнүн координатору болуп баштаган. 2015-жылы КМУнун «Педагогика жана информатика» боюнча магистратура бөлүмүн аяктаган. 2009-жылдан баштап физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында ага окутуучу болуп эмгектенип келе жатат.

**Алымбаева Телегей Сапаровна –ага окутуучу**

Алымбаева Телегей Сапаровна 1990-жылы В.В.Маяковский атындагы КЖПИнын физика-математика факультетинин математика жана физика мугалиминин адистигин бүтүп. 2022-жылдын И.Арабаев атындагы КМУ нун Физика жана анын окутунун технологиясы кафедрасында айкалыштырып иштөө шартында ага окутуучу болуп эмгектенип келе жатат.



**Тердикбаев Эрназар Адамалиевич – окутуучу**

Тердикбаев Эрназар Адамалиевич 2012-жылы И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы Информациялык Технологиялар Институтун бүтүргөн. 2018-жылы Москва шаарындагы Улуттук ядролук изилдөө университетинин магистратура бөлүмүн бүткөн. 2012-жылдан баштап физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында окутуучу болуп эмгектенет.





**Мырзабекова Жаркын Мырзабековна- окутуучу**

Мырзабекова Жаркын Мырзабековна. 2012-2016 ж.ж. И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы Информациялык Технологиялар Институтун бүтүргөн. 2018 – жылы магистратура бөлүмүн аяктаган. 2022 – жылдын сентябрынан тартып И.Арабаев атындагы КМУ нун Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында окутуучусу болуп эмгектенип келе жатат.

**Лактионов Вадим Викторович – окутуучу**

2018-2022 ж.ж. И.Арабаев атындагы КМУ нин ФМББ факультетинин Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын физика адистигин бүткөн. 2022-жылдын сентябрынан окутуучу болуп эмгектенип келе жатат



## *Эскерүүлөр*

*(10 жыл мурдагы, факультеттин 60 жылдык юбилейине карата берилген эсерүүлөр)*

### Артыкова Светлана Иманалиевна

***Учкан уям***



Кыргыздар өмүрүнүн көпчүлүгүн көчмөндүү турмушта өткөргөндүгүнө карабастан билим жана билимдүүлүктү жогору баалашкан. Ушул себептен «Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат»,- деген макал жаралган болушу керек.

Аялдардын билим алышына өкмөтүбүздүн көргөн зор камкордугу болуп 1952-1953- окуу жылындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун ачылышы. Бул жогорку окуу жайында окуган кыздардын дээрлик көпчүлүгү айыл жеринен келгендер. Алар мамлекеттин эсебинен жатакана жана бекер тамак менен камсыз кылынган. Андан тышкары жакшы окуган студенткалар жөнөкөй жана жогорулатылган стипендиялар алышкан.

Мен да айылдан келип, ушул институттун «физика жана өндүрүштүн негизи» адистигине экзамен тапшырып өттүм. Биринчи курска 30 студентка кабыл алынган болсок 13 студент гана окууну бүттүк.

Жатаканабыз азыркы Исанов көчөсү менен Киев көчөсүнүн кесилишине жакын жайланышкан эле. Чоң комнатага бир кишилик 15 керебет койулган, анда экиден жатып группадагы 30 кыз жашачыбыз.

Сабак окугусу келгендер акырын комнатадан чыгып, кухняга келип окучубуз. Эртең менен эрте туруп, траллейбуска түшпөй эле жөө чубалып институтка келчүбүз. Сабактар бүткөндөн кийин, лабораторияда иштеп, китепканадан адабияттарды алып, өз алдынча өздөштүрүүгө берилген темаларды окуп, практикалык сабактарга даярданып, кечки тамакты ичкенден кийин гана кайрадан жатаканага жөө келчүбүз. Кээде лабораториядан чыкпай, сабактарга даярданып отура берчүбүз. Күзөттө болгон окутуучулар жатакананаңарга кеткиле, эс алгыла дегенде гана кетүүгө туура келчү.

Күзүндө дайыма колхоздорго пахта тергени же кызылчаларды жыйноого барчыбыз. Бир жолу кызылчага бизди Яр-Мухаммедов деген окутуучубуз алып барды. Кырмандагы бир үйгө жайланышууга туура келди. Агайыбыз бизди коркушат деп чогуу жайланышты. Аны сыйлап биз төргө жаткырдык. Ал бизге мен жатсам эле уктап кетем десе ишенчүбүз. Көрсө аңкоо экенбиз. Кыздар бир топко уктабай, агай уктап жатат деп, ар кандай сөздөрдү айтып, пикир алмашчыбыз. Группадагы кыздардын баары аны сыйлачыбыз, жакшы көрчүбүз. Агайдын жакшы көргөн гүлү пион экенин билип «Я садовник» деген оюнда

баардыгыбыз эле пионду жакшы көрөбүз деп айтчыбыз, агайыбыз болсо угуп эле, уктамыш болуп жата берчү экенин кийин гана билдик.

Розетта Төрөкуловна экөөбүз кандидаттык диссертацияны жактагандан кийин, өзүбүз окуган институтка келип орношуп иштеп калдык. Бир топ жылдан кийин Яр-Мухаммедов агайыбыз кафедрага келип, лабораторияларды карап биз менен аңгемелешти. Розетта Төрөкуловна экөөбүз сүйлөшүп, агайды сыйлайлы деп кафеге чакырдык. Бизди окуткан кезде Яр-Мухаммедов агайыбыз көз айнек кийчү, азыр кийбей калыптыр. Менюну окуш үчүн экөөбүз көз айнектерибизди кийсек, агайыбыз «Сиздер көз айнек кийсеңиздер менин өлүшүм керек» десе болобу.

Биз эмне деп сөз айтаарыбызды билбей эле унчукпай калдык. Дагы эле аңкоолугубуздун кетпей калганы-агайыбызды коноктобой эле ал бизди коноктоду. Биз Яр-Мухаммедов агайыбыздын джентельмен экенин билсек да унутуп койуптурбуз.

Яр-Мухаммедов агайыбыз студенттерди окуу-изилдөө иштерине тартууга абдан көп көңүл бурган. Азыр кафедрада эмгектенип жаткан Алча Шаршенова Яр-Мухаммедов агайынан криссталлды өстүрүү боюнча окуу- изилдөө иштерин жазып, Самаркандда өткөн Орто Азия студенттеринин илимий конференциясына катышып, доклад жасап келген.

Төртүнчү курста Темировка орто мектебине практика өтүш үчүн бардык. Ал кезде ушул мектепте Зарыл Шамырканова жана анын жолдошу Рахманкул Жаналиев физикадан сабак беришчи. Зарыл эжени ошондон бери билемин. Практиканттар сабак берүү менен эле чектелбестен, айылдын тургундарына концерт берип, «Бир көчөнүн кыздары» деген театралдаштырылган ойунду койуп бердик. Андагы ролду аткарууга жалаң гана практиканттар эмес, методист болуп барган Мүсүр Токтогулов, Акун Абдылдаев агайларыбыз да катышышкан.

Биздин студенттик күндөрүбүз менин ойумча абдан эле кызыктуу өттү. Азыр деле бир, эки, үч жыл кеч же мурда окуп кеткен студенткалар менен тыгыз байланышта катнаштабыз.

Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун алдындагы физика- математика факультетинин «Физика» адистигинин бүтүрүүчүлөрү республикабыздын ар кайсы булуң-бурчтарында, шаарлар менен айыл- кыштактарда бардык региондордо үзүрлүү эмгектенип кетишкен жана эмгектенип да жатышат. Алардын көпчүлүгүнүн жогорку наамдары жана сыйлыктарынын жок, маяналарынын аз болгондугуна карабастан, талыкпастан эмгектенишип, мекен алдындагы парздарын ак ниеттери менен акташууда.

**Бийбосунова Кенже**



Мен 1935 жылы туулгам (Күрмөнтүдө). Күрмөнтү орто мектебин 1952-жылы бүткөм. Ушул эле жылы В.В. Маяковский атындагы кыргыз кыз- келиндер институтунун математика адистигине тапшырдым. Аталган окуу жайды 1956- жылы артыкчылык диплому менен аяктадым.

Айтмакчы мен В.В.Маяковский атындагы институтун биринчи бутүрүүчүлөрүнөн болом. 1956-1965-жылдары мен өзүм бүткөн окуу жайда окутуучулук кызматты аркалап келдим.

1968-жылдан баштап Кыргыз ССРнин билим берүү министрлигинин алдындагы мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунда кабинет башчы болуп иштеп келдим.

**Каарман эмгектерим үчүн алган сыйлыктарым:**

1. Кыргыз республикасынын элге билим берүүнүн отличниги 1974-жыл.
2. Эмгектин каармандыгы үчүн медаль 1975-жыл.
3. КР ЖК ардак грамотасы 1976- жыл.
4. СССР эл агартуусунун отличниги 1982-жыл.
5. КР эмгек сиңирген мугалими 1985-жыл.
6. Кыргыз элине эмгек сиңиргендиги үчүн өзгөчө пенсия алам.
7. Басмадан жарыкка чыккан илимий-методикалык иштеримдин саны 37 экен.

Менин мындай ийгиликтерге жетишкендигимдин бирден-бир себеби: жогорудагы аталган В.В. Маяковский атындагы кыргыз кыз-келиндер институтун бүткөндүгүм дейм. Ошондой эле терең билим алгандыгым, окуу тарбия иштеринин жогорку деңгээлде экендигин айтат элем.

**Исмаилова Мунара Жумашевна**



Мен 11.05.1936 жылы туулгам (Сокулук району). 1953-жылы Мояковский атындагы Кыргыз аялдар педагогикалык институтунун алдындагы орто мектепти бүтүп, ошол институттун физика-математика факультетинин физика бөлүмүнө студент болдум.

1957-жылы ошол институтту «Артыкчылык» диплому менен бүттүм. Ошол эле жылы Мамлекеттик комиссиянын чечими менен аспирантурага жолдомо алдым. Бирок, үй-бүлөөлүк шартка жараша аспирантурадан баш тарттым. 1957-жылдын октябрь айынан баштап, өзүмдүн мугалимдик кесибимди аркалап келдим. Бирок, илимий иштер менен да алышып жүрдүм. Илимий 8 статьям чыкты. Методикалык китептерди жаздым. 1986-жылы «Эмгектин ветераны» деген медаль алдым.

Фрунзе Политехникалык институтунун инженерно-строительный факультетинин «Физика» кафедрасында эмгектенип жүрүп, эс алууга чыктым.

5 баланын энесимин. 2 уулум физика-математика илимдеринин доктору, профессор. 2 кызым илимдин кандидаттары, доцент. 1 уулум инженер. 9 неберем, 2 чөбөрөм бар.

**Калиева Асия**



1956-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун алдындагы физика-математика факультетинин аяктаган. 1957-жылга чейин Оргочордо физик мугалими болуп иштеген. 1960-1963-жылдары Кыргыз кыз- келиндер педагогикалык институтунун алдындагы физика-математика факультетинде лаборант, 1963-жылдан баштап, 1989-жылга чейин физик мугалим болуп эмгектенген.

**Сейитказиева Күмүшай**

1958-жылы «физика» адистигин бүткөн. Улуттук Университетте иштеген. 1980-жылы



Киевден кандидаттык диссертациясын жактаган. 35 илимий усулдук иштери бар. Эл агартуунун отличниги.

**Шералиева Роза**

1936-жылы Нарын областында төрөлгөн. Маяковский атындагы кыз-келиндер институтун артыкчылык диплом менен бүткөндөн кийин Кыргыз СССР Илимдер Академиясында 1994-жылга чейин иштеген. 1994-жылдан баштап азыркы күнгө чейин МУКта иштейт. Философия илиминин кандидаты, доцент, билим берүүнүн отличниги, эмгектин ветераны, 3 баланын энеси.

**Насип Ракымбаева**

1939-жылы туулган. 1958-жылы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтуна келип 1963-жылы «физика өндүрүштүн негиздери» факультетин аяктаган. 1963-1969-жылдары Кочкор районундагы Калинин орто мектебинде физика мугалими болуп иштеген. 1970-1981-жылга чейин Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунда физика кафедрасында ага лаборант болуп иштеп факультеттин профкому болуп иштеген. 1987-1990-жылы Нарын шаарындагы Токтогул орто мектебинде физика мугалими болуп

иштеген. 1988-жылы фронталдык текшерүүнүн жыйынтыгында эл агартуунун отличниги деген наам алган. 5 баланын энеси.

**Рыскулова (Абдылдаева) Галина Мукалаевна**



1963-жылы Физика-математика факультетин бүтүрүп, мугалимдик кесипти 1963-жылы Аламүдүн орто мектебинен баштап, Фрунзе шаардык №55, №61 мектептерге физика мугалими болуп иштедим. Андан кийин 1977-1988-жылдары кыз-келиндер институтунда Философия жана политэкология кафедрасында кабинет башчысы болуп иштедим.

1988-1995- жылдары Банк системасында иштеп, пенсияга чыктым.

Окуп жүргөндө активист-институттун комсомол комитетинин мүчөсү, профком, факультеттин комсомолдук органынын катчысы, группанын старостасы болгом.

Төмөндөгү спроттун түрлөрүнө катышкам:

1. Валлейболл боюнча I разряд;
2. Фехтование боюнча I разряд;
3. Стрельба боюнча I разряд;
4. Парашют;

Институтту аяктаганга чейин Фехтования жана стрельба боюнча Республиканын курама командасында болдум.

- Фехтования боюнча – Республика үчүн 1959- жылы II Спартакиада СССРдин элдери (Москва шаары) катышуучусумун.
- Стрельба боюнча Спартакиада - ДОСААФтын катышуучусумун, Кыргыз Республикасынын желегин мотоциклда алып өткөм. (Москва шары 1961-ж.)
- 1961- жылы Москвада Бүткүл союздук аба параддын катышуучусу (парашют) Кыргыз Республикасынын желегин самолетто алып өткөм.
- ДОСААФтын көптөгөн ардак грамоталары менен сыйлангам.
- 1988-жылы «Эмгек ветераны» медалы менен СССР Жогорку советинин Президиумунда сыйлангам.
-

**Зарыл Шамырканова**



Мен жетинчи класста окуп жүргөндө эле алыстан атын угуп, «Кыз-келиндер училищасынан» кандай кыздар окуйт деп суктанчумун. Түптөлгөн «педагогикалык училища» кийин «мугалимдер институту», анан «кыз-келиндер институту» болуп В. Маяковскийдин аты коюлду. Мен онунчу классты бүтүп эле 1953-жылы физика-математика

факультетинин физика группасына кирип окуй баштадым. Мектепте математика, физика сабактарына өтө кызыкчмун, жөндөмдүү элем.

Мен институтка киргенде агартуу министри Каниметов, ректорубуз К.Токтомамбетова, деканыбыз Ишбулатов, кафедра башчыбыз М. Турусбеков болгон.

Сабак берген мугалимдерибиз М.Турусбеков «Жалпы физикадан», Ишбулатов «Жогорку алгебрадан», А.Сухомлинов «Математикалык анализден», Исхаков «Аналитикалык геометриядан», Ерусалимский «Теориялык физикадан», Г.Ф.Кравчук «Теориялык механикадан», Ш.Х. Яр-Мухаммедов «Жалпы физика» жана «Астрономиядан», Р.С.Садыков «Физиканы окутуунун методикасы», А.Максимович «Лабораториядан», Нарынбаев «Марксизм-Ленинизм» негиздеринен, Аденов педагогикадан берчү.

Окууну 1957-жылы бүтүп жаткан кезде Москвада өткөн «Жаштардын жана студенттердин дүйнөлүк алтынчы фестивалында» хор менен катыштым. Студенттердин көпчүлүгү биздин институттун кыздары эле. Кыргызстан биринчи орунду алдык. Муну айтпасам болбос.

Окууну ийгиликтүү бүтүп, өз айылымдагы Долинка мектебине, кийин Темировка орто мектебине математика, физика, астрономия боюнча сабак берип 7 жыл иштедим.

Ден-соолукка байланыштуу шаарга көчүп келип, 1964-жылы өзүм бүткөн уюткулуу институтум кыз-келиндер институтуна кирип «мектеп эксперменти» лабораториясында ага лаборант болуп иштей баштадым. Ал жылдары №1, №5 мектептен башка кыргыз мектеп жок болчу, ушуга байланыштуу института иштеп калдым. Келсем, өзүм менен бүткөн Калиева Асия баш болгон дагы үч лаборант бар экен. Мугалим болууга кезек келгенче «Физика» кафедрасы кыскарып, анын ордуна «Математика жана Физика» деп аталып калды.

1968-жылы аспирантурага өтөм деп, «Философиядан» кандидаттык минимум тапшырдым.

**Илимий эмгектерим:**

1. 2008-жылы «Оптика боюнча лабораториялык практикум» методикалык колдонмо жазып, басмадан чыгардым.
2. 2009- жылы «Лабораторный практикум по оптике» атуу орус тилинде методикалык колдонмо.
3. Мектептин мугалимдери жана педагогикалык Университеттин бүтүрүүчү курсунун студенттери үчүн «Физика боюнча демонстрациялык тажрыйбалар» деген окуу куралын жазып басмадан чыгардым.

4. Мектептин мугалимдери үчүн жана келчек мугалимдер үчүн «Үй тапшырмасында жасалуучу куралдар жана тажрыйбалар» деген окуу колдонмосу министерствонун грифи менен чыгарууга чечим чыккан, азыр басмаканада чыкканы турат.

**Шаршенова Алчакүл**



Мен Шаршенова Алчакүл 1960-жылы Талас шаарындагы №1 кыздар интернаты орто мектебин бүткөндөн кийин, Фрунзе шаарындагы В.В.Маяковский атындагы кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетинин «Физика жана өндүрүштөрдүн негизи» адистигине тапшырып, студент болуп калгам.

Адистигибиз боюнча сабак берген мугалимдерибиз; Яр-Мухаммедов, С.Кадыров, Пичугин, Кровчук, Садыков ж.б. Биздин группага кураторубуз Базаркүл Кудаярова эже болчу. 20 студент бүтүптүрбүз. Сессия учурунда группанын жарымы «4», «5» деген баага экзаменди тапшырчыбыз. 3-курста Яр-Мухаммед агайдын жетекчилиги менен илимий курстук иштен айлануучу туюк дисканын жардамы менен монокристалл (мисалы, туз эритмесинин кристаллы кандай температурада, кандай айлануу ылдамдыгында) жакшы өсөөрүн аныктап, орто Азия боюнча Самарканд шаарында болгон студенттердин илимий конференциясына катышып, доклад жасап келгем. 1965-жылы Жогорку окуу жайын бүтүрүп, Бейшеке орто мектебинде, Киров районундагы орто мектепте 1972-жылга чейин иштегем.

1972-жылы кыз-келиндер институтунун физика- математика факультетине келип иштеп калдым, лаборант, андан кийин ага лаборант.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун физика лабораториясынын инженери болуп иштедим.

«Мектеп» басмасында 1973-74-жылдары мектептин физика китептери боюнча редактор болуп иштедим. 2004-2006-жылдары саат алып иштедим. Жалпы физика боюнча лекция сабакка демонстрацияларды көрсөтүп жүрдүм. Оптика, мектеп эксперименти боюнча лабораторияларды өткөрүп ишти аткаруунун жазылыштарын даярдап, студенттердин дипломдук, курстук иштеринин демонстрациясына жардам берип, мамлекеттик экзаменге демонстрацияларды даярдап келе жатам. Материалдык жооптуумун.

Эл агартуу №3-1989-жылы «Окуучуларды өз алдынча билим алууга үйрөтүүнүн жолдору» деген статьям чыккан. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын «Эл агартуу отличнигин» алдым.

**Шамшиев Тойчубек Сатыбаевич** – доценттин м.а. (1995-2020-жж.)

Тельман орто мектебине 1976-жылы кирип, 1986-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ушул эле жылы Москва шаарынын “Казан” мамлекеттик университетине 1 курска кабыл алынган.

1987-1989 жылдар аралыгында “Аскердик деңиз флотунда” кызмат өтөп, 1989-жылы аталган университетке келип, 1995-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1995-жылдан баштап, өмүрүнүн акырына чейин И.Арабаев атындагы КМУнун ФМББ жана МТ факультетинин Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасында иштеп, кийинчерээк университетте жалпы практиканын жетекчиси болуп эмгектенген.

Университеттин, факультеттин бир нече ардак грамоталары менен сыйланган. Билим берүү министрлигинин грамотасы, билим берүү министрлигинин отличник төш белгиси менен сыйланган.

30 га жакын илимий макалаларды жазган, оптика, электричество сабактары жана практиканы жетектөө боюнча окуу методикалык бир нече колдонмолору жарык көргөн.

2016-жылы 8-сентябрда “Голограммаларды каттоодо фотополимеризацияланууучу жана фототермопластикалык алып жүрүүчүлөрдү температуралык иштетүү режимдерин изилдөө жана иштеп чыгуу” темасында кандидаттык диссертациялык ишин аяктап коргоого сунушталган.

Диссертациялык кеңештин мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу коргоого жетишпей калды.



***Тарбия иштери***

Физика жана аны окутуунун технологиясы кафедрасы студенттер арасында окуу тарбия иштери боюнча да көп салымдарын кошуп келүүдө. Президенттик стипендиянын ээси болгон студенттерибиз менен сыймыктанабыз. Ошол учурдагы, КРнын Президенти А.Ш.Атамбаевдин өз колунан сыйлык алган студенттерибиз Моконов Темирбек 2015-ж., Калыкова Максатгүл 2015-ж., Марс кызы Гүлсара 2016-ж. жана Моңолдор уулу Адилет 2017-ж. ээ болушту.



2015-жыл



2015-жыл



2016-жыл



2017-жыл